КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙГОРОДСКОЙКЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com
Shaar.kenesh@gmail.com

# Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезектеги XIII сессиясынын №106 /13-9 ТОКТОМУ

**19-март, 2026-жыл** **Талас шаары**

**Талас шаарынын Ч.Айтматов №353 дарегинде жайгашкан жалпы аянты 2608 чарчы метр жер тилкесинин 528 чарчы метр жер тилкесин Ц-1 аймагынан К-1 аймагына которууга макулдук жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренеси, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 2, 21-беренелерине ылайык, Талас шаарынын мэриясынын 13.03.2026-жылдагы №01-19/937 чыгыш сандуу катынын негизинде, Талас шаардык кеңешинин “Өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, курулуш, ишкерликти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча” туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Талас шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Талас шаарынын Ч.Айтматов №353 дарегинде жайгашкан жалпы аянты 2608 чарчы метр жер тилкесинин 528 чарчы метр жер тилкесин Ц-1 аймагынан К-1 аймагына которууга макулдук берилсин.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева А.Ж.) милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Талас шаардык кеңешинин “Өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, курулуш, ишкерликти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына (Турсалиев У.К.) тапшырылсын.

**Төрага** **К. Джаныбеков**